**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ атындагы ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б.ЕЛЬЦИН атындагы КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 10.17.547 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

**УДК 811:161(575.2) (043.3)**

**Тентимишова Акмарал Камчыбековна**

# «ЭМГЕК» КОНЦЕПТИНИН МЕНТАЛДЫК-ТИЛДИК МАЗМУНУ

**Адистиги: 10.02.19 – тилдин теориясы**

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2017

Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин орус филологиясы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Зулпукаров Капар Зулпукарович**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Камбаралиева Уулкан Джолдошбековна**

филология илимдеринин кандидаты
**Төлөкова Элмира Турдубаевна**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасы. Дареги: 722000, Каракол ш., Ж.Абдрахманов көчөсү, 27.

Диссертациялык иш 2017-жылдын 23-июнунда саат 10.00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ош мамлекеттик университети жана Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.17.547 диссертациялык кеңештин (http://dc-aytmatov-ilim.tk) жыйынында корголот. Дареги: 720000, Бишкек ш., Чүй пр., 265а.

Диссертациялык иш менен КР УИАнын Борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а), Ош мамлекеттик университетинин (723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331) жана Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Бишкек шаары, Киев көчөсү, 44) илимий китепканаларынан таанышууга болот.

Автореферат 2017-жылдын 22-майында жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты, а.и.к** **Р.Э. Коңурбаева**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Бул диссертациялык эмгек азыркы мезгилде зарылдыгы өзгөчө бааланган когнитивдик лингвистика, этнолингвистика, лингвомаданият таануу, лингвопаремиология багыттарынын алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу:**

1) «Эмгек» концептине тиешелүү лексиканын кыргыз лингвистикасында атайын иликтенбегендиги;

2) ага тиешелүү концепттердин маани-маңызынын талдана электиги;

3) «Эмгек» концептин репрезентациялоочу каражаттардын түрлөрү, саны, кепте колдонулуу өзгөчөлүктөрү ушул кезге чейин аныкталбай келгендиги;

4) когнитивдик лингвистиканын идеялары, принциптери, методдорунун негизинде «эмгектенүү»/«эмгек кылуу» ишкердүүлүгүн чагылдыруучу тилдик каражаттардын когнитивдик-семантикалык жана лингвомаданий өңүттөрдөн өзүнчө концепт катары каралбагандыгы;

5) когнитивдик-лингвистикалык түшүнүктөрдүн жана категориялардын (элес, түшүнүк, фрейм, сценарий, схема, гештальт, пропозиция, когнитема ж.б.) «Эмгек» концептинин алкагында анализденбегендиги;

6) «Эмгек» концептинин чегинде ядро жана периферия, денотация жана коннотация, баштапкы жана туунду, нейтралдуу жана эмоциялуу, объективдүү жана субъективдүү, аралык ж.б. көрсөткүчтөрдүн милдеттери жана касиеттери каралбагандыгы менен шартталат, о.э., жашоодо эң керектүү ишкердиктин маани-маңызын ой-тутумда чагылдырган «Эмгек» концептинин когнитивдик мазмунун ачып берүү дагы иштин актуалдуулугун тастыктайт.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Тема Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги каржылаган «Кыргызстандын лингвомаданий объектилери учурдагы илимий парадигмалардын контекстинде» (2009-2011-ж.ж.) жана «Тилдин полипарадигмалык теориясынын когнитивдик-психолингвистикалык жана лингвоэтномаданият таануу аспектилери» (2012-ж.) аттуу долбоорлордун алкагында иликтенди.

**Изилдөөнүн максаты** болуп кыргыз тилиндеги «Эмгек» концептин вербалдаштыруучу жана аны репрезентациялоочу лексикалык, деривациялык жана провербиалдык бирдиктерди когнитивдик мазмундагы лингвомаданият таануу алкагында комплекстүү изилдөө эсептелет.

Мына ушул максатта төмөнкүдөй **милдеттерди** аткаруу зарылдыгы келип чыгат:

1) когнитивдик лингвистиканын негиздери, жетишкендиктери менен таанышып чыгып, анын жоболорун, категорияларын жана ык-методдорун изилдөө объектине ылайыктап иштеп чыгуу;

2) «Эмгек» концептинин мазмунундагы түйүндүк когнитивдик түзүүчүлөрдү ачып берүү максатында кыргыз тилиндеги «Эмгек» концептин репрезентациялоочу лексемаларга лексикографиялык анализ жүргүзүү;

3) кыргыз макал-лакаптарынын материалында «Эмгек» концептинин когнитивдик мазмунун ачыктоо;

4) «Эмгек» концептинин талаалык структурасын түзүү, анын ядросун жана периферриясын аныктоо;

5) «Эмгек» концептинин когнитивдик мазмунун түзгөн элес, образ (ойдогу «из»), түшүнүк, схема (модель), фрейм, сценарий (скрипт), когнитема сыяктуу категориялардын маанисин ачып мүнөздөп чыгуу;

6) «Эмгек» концептинин өнүгүү динамикасын жана анын түшүнүк берүүчү көлөмүн анализдөө;

7) бул концепттин улуттук (этностук) фреймдик-когнитемалык маңызын паремиялардын материалында мүнөздөп, анын ар түрдүү касиеттеринин аныкталышын көрсөтүп берүү.

**Изилдөө объектисинин, натыйжаларынын жана тыянактарынын жаңылыгы** төмөнкүлөр:

1) «Эмгек» концептинин маңызы илимий жана кадимки (көнүмүш), илимий жана поэтикалык, кадимки жана эмоциялуу, баштапкы жана туунду, нейтралдуу жана баалоо, оң жана терс, жалпы жана жеке жана башка дихотомиялардын алкагында лингвоконцептуалдык категориялардын, методдордун жана принциптердин негизинде аныкталышы;

2) алгачкы жолу бир иштин алкагында эмгек жөнүндөгү, эмгек идеясын имплициттик түрдө (көмүскөлүү) камтыган кыргыз тилинин лексикалык бирдиктери, макал-лакаптары, учкул сөздөрү, фразеологизмдери топтолуп, системалаштырылып, анализденип чыккандыгы;

3) иш «Эмгек» концептин репрезентациялоочу тилдик каражаттарды лингвистикалык комплекстүү анализдөөнүн алгачкы кадамын өзүнө камтыгандыгы;

4) «Эмгек» концептиндеги мазмун түшүнүк, фрейм, пропозиция, когнитема, сценарий, схема, символ ж.б. когнитивдик категориялардын жардамы менен жиктелип сыпатталышы;

5) «Эмгек» концепти биринчи жолу дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнүн фрагменти катары изилденип, анын кыргыз элинин улуттук тилинде объективдешүүсүнүн спецификасынын ачыкталышы;

6) «Эмгек» концептинин когнитивдик мазмунуна тиешелүү микроталааларды түзүү «Эмгек» концептинин талаа моделин жана *эмгек* сөзүнүн семантикалык талаасын түзүүнүн алгачкы иш-аракети болгондугу.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Иш тил илиминдеги когнитивдик лингвистика, этнолингвистика, лингвопаремиология сыяктуу тармактардын идеялары, жетишкендиктери, принциптери жана методдоруна таянылып, кыргызча факты-материалдарынын негизинде иштелип чыкты.

Биринчиден, иштин материалдары жана негизги жоболору когнитивдик лингвистика, кыргыз тилинин лексикологиясы, паремиологиясы жана фразеологиясы боюнча лекциялар курсунда, о.э., кыргыз семасиологиясын жана когнитивдик лингвистикасын өнүктүрүүгө өбөлгө болуу менен бирге аталган тармактар боюнча атайын курстарды окууда жана атайын семинарларды өткөрүүдө колдонула алат. Экинчиден, иштеги натыйжаларды лингвомаданият таануу, лексикалык семантика, психолингвистика, социология боюнча изилдөөлөрдө колдонсо болот. Үчүнчүдөн, кыргыз элинин изилденип жаткан кубулушка карата мамилесин чагылдырган айрым тыянактар ар түрдүү типтеги жарнамалык жана идеологиялык тексттерди түзүүдө база катары кызмат кыла алат.

**Коргоого сунушталган жоболор** булар:

1. «Эмгек» - семантикасы түркүн сапаттарга ээ, көп булактуу, өтө кеңири таркалган концепт. Ал предметтик, образдык жана аксиологиялык компоненттерден турат. Анын көп сапаттуулугу тиешелүү денотаттын таркалгандыгы, жашоодогу зарылдыгы жана баалуулугу менен түшүндүрүлөт.

2. Кыргыздын көптөгөн паремияларында жана эпитеттеринде *Эмгек* оң баага ээ ишкердик катары мүнөздөлөт, демек, ал кыргыз адамынын утилитардык-практикалык баалуулуктарынын катарына кирет.

3. «Эмгек» концепти көп катмардуу жана көп деңгээлдүү. Ал кыргыз тил ээлеринин аң-сезиминде «Иш (ар кандай иш)», «Күч эмгеги», «Жумшалган мээнет» сыяктуу концептуалдык белгилер аркылуу берилүүчү катмарды жана концепттин өнүгүүсүн чагылдырган когнитивдик катмарларды өзүнө камтыйт.

4. Паремияларды концептуалдык анализдөө концепттин мазмунун лексикографиялык интерпретацияларга салыштырмалуу бир кыйла кеңейтип жиберет, эл тарабынан иштелип чыккан ойлордун жыйындысы лингвомаданий жалпылык катары паремияларда орун алат. Эмгекке байланыштуу лексемалар, фразеологиялык сөз курамы жана макал-лакаптар кишинин менталдык дүйнөсүн чагылдырат. Улуттук түшүнүктөрдү ар түрдүү когнитивдик түзүлүштөр (фрейм, сценарий, когнитема ж.б.) уюштурат.

5. «Эмгек» концептинин, анын ичинде *эмгек* сөзүнүн семантикалык талаасынын ядролук лексемалары катары *иш, иш-аракет, мээнет, жумуш, кызмат* сөздөрү кызмат кылат, ал эми семантикалык талаасынын перифериясына «ишкердик», «процесс», «чыңалуу» ж.б. көптөгөн түшүнүктөр кирет.

**Изденүүчүнүн жекече салымы**. Теманын жана багыттын тандалышы, материал жыйноо, системалаштыруу жана чечмелөө изденүүчү тарабынан жекече аткарылды. Сунушталган идеялар, окумуштуулардын көз караштарына жана концепцияларына обзор берүү, фактыларды жалпылоо диссертант тарабынан өз алдынча ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы.** Алынган тыянактар жана жоболор Кыргыз-Өзбек университетинин «Орус филологиясы» кафедрасынын отурумдарында, университеттин окутуучуларынын илимий-практикалык конференцияларында жана эл аралык, республикалык, регионалдык конференцияларда автор тарабынан жасалган докладдарда баяндалган.

Иш ошол эле университеттин «Кыргыз филологиясы», «Орус филологиясы» жана Ош мамлекеттик университетинин «Кыргыз тил илими», «Орус жана салыштырмалуу тил илими» кафедраларынын кошмо жыйынында ар тараптан анализге алынып, сындалып жана оңдолуп коргоого сунушталды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн материалдары диссертанттын 8 макаласында жарык көргөн. Алардын ичинен 7 макала РИНЦ системасына кирген журналдарда басылып чыккан.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Эмгек киришүүдөн, үч баптан, корутундунан туруп, анда колдонулган адабияттардын тизмеси, тиркемелер берилген. Колдонулган адабияттардын тизмеси 199 аталышты камтыйт. Иштин жалпы көлөмү - 189 бет. Эмгекте ар түрдүү схемалар, сүрөттөр жана таблицалар колдонулду.

# ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу, негизги максаты, милдеттери, илимий-теориялык жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу жоболору жана иштин апробациясы, түзүлүшү тууралуу маалыматтар берилет.

**«Изилдөөнүн теориялык негиздери»** деп аталган биринчи бап беш параграфтан турат жана бул бапта жарык көргөн адабияттарга обзор берилип, тилдин азыркы учурдагы антропоборбордук парадигмасындагы когнитивдик лингвистиканын абалы, жалпы жоболору талкууланып, андагы учуроочу түрдүү көз караштар талданып, диссертациялык эмгекте колдонулуучу *дүйнөнүн сүрөтү, дүйнөнүн тилдик сүрөтү, менталитет, менталдуулук, концепт, концептосфера* ж.б. сыяктуу негизги терминдердин илимий изилдөөлөрдөгү аныктамалары чечмеленген. Ошондой эле, когнитивдик лингвистикада концептти изилдөөнүн азыркы абалы серептелип, когнитивдик анализдин ык-методдоруна да мүнөздөмө берилген.

**1.1.Когнитивдик тил илими жөнүндө.** Дүйнөлүк тил илиминин агымдарынын арасында когнитивдик лингвистика туруктуу орун ээлеп калды. Эки кылымдын тогошуусундагы 30 жылдын ичинде ал пайда болуп, калыптанып жана интенсивдүү өнүгө баштады. Когнитивдик лингвистика үчүн тил маалыматты каттоонун, сактоонун, өзгөртүүнүн жана жайылтуунун зарыл каражаты катары бааланат. Бул тармактын борбордук идеясы тил менен ойдун, сүйлөө – угуу менен ойлоонун карым-катнашын, жалпы когнитивдик механизмдерин чагылдырат. Бул тармактын негиздөөчүлөрү катары америкалык илимпоздор (Жорж Лакофф, Рональд Лангакер, Рэй Жакендофф ж.б.) эсептелинет. Когнитивдик лингвистиканын түптөлүшүн, өнүгүшүн, таркалышын жана салааланышын орус лингвисти Е.С.Кубрякова дагы атайын изилдеп чыккан. Ошондой эле анын предметин, көлөмүн, түзүлүшүн, илимий-методологиялык аппаратын көптөгөн илимпоздор иликтешкен (Р.И.Розина, В.З.Демьянков, А.А.Худяков, Р.М.Фрумкина, И.Б.Рузин, А.Н.Баранов, Д.О.Добровольский, Н.Н.Болдырев, А.А.Залевская, А.Л.Шарандин, В.И.Шаховский, И.К.Архипов, В.А.Маслова, В.И.Красных, Е.В.Иванова, В.В.Колесов, З.Д.Попова, И.А.Стернин ж.б.). Ал эми Кыргызстанда когнитивдик лингвистиканын маселелери менен М.Дж.Тагаев, М.И.Лазариди, К.З.Зулпукаров, З.К.Дербишева, У.Дж.Камбаралиева, А.Абдулатов, С.Б.Эргешова, Л.И.Дрофа ж.б. алектенишкен.

Анын предмети катары маалыматты өздөштүрүүнүн, сактоонун, иштетүүнүн бөтөнчөлүктөрүн, тилдин жардамы менен билим-тажрыйбаны менталдык чөйрөдө жайгаштыруунун ыкмаларын айтууга болот. Когнитивдик илимдин предмети болуп когниция саналат. Когниция - билип таануу процесси, курчап турган чөйрөнүн аң-сезимде чагылдырылышы.

Илимде когнитивдик лингвистиканын бир нече багыттары, тармактары жана агымдары бар экендиги белгиленип жүрөт. Бул багыттардын баарынын борбордук бөлүгүн «концепт» идеясы ээлейт. Ошондуктан когнитивдик лингвистиканын өзөгүн «концепт» түшүнүгү түзөт деп айтууга негиз бар.

**1.2.Семантика жана концептосфера.** Семантика менен концептосфера - өз ара тутумдаш түшүнүктөр. Аларды ажырым кароого болбойт. Когнитивдик лингвистикада булардын тектештиги, өз ара алакасы, биримдиги баса көрсөтүлөт. Концептосфера тилсиз эле аң-сезимде жашайт. Ал тынымсыз өзгөрүүдөгү,

жаңылануучу концепттерден, билимдин кванттарынан уюшулат. Концептосфера тилдик каражаттарга мүнөздүү маанилерден бир канча татаал, көп түрдүү жана кубулуп, түрлөнүп турат. Семантика аркылуу коомдун аң-сезимин, андагы билимдин элементтерин өздөштүрүүгө мүмкүн, этностун, этникалык топтордун жана жекече автордун концептосферасына мүнөздүү бөтөнчөлүктөрдү аңдоого, каттоого жана изилдөөгө болот. Вербалдык семантикага караганда концептосфера «ичте», аң-сезимде жайгашат. Вербалдык семантика тилдик каражаттарда гана жашайт да, аң-сезимге карата, концептосферага карата «сыртта» орун алат (Выготский, Жинкин, Горелов).

Концепттердин иретке, системага түшкөн жыйындысы концептосфераны түзөт. Ал эми тилдик бирдиктердин маанилеринин жыйындысы вербалдык-семантикалык талааны жаратат. Концепт – концептосферанын бирдиги, маани - тилдеги семантикалык талаанын бирдиги (Попова, Стернин). Сөздүн семантикасы чектүү. Ал эми концепттин мазмуну өтө эле кенен. Бул мазмун сөз мазмунуна сыйбайт.

**1.3.Концепт жана концептосфера.** Учурдагы тил илиминде «концепт» түшүнүгү өтө популярдуу болууда. Анын маани-маңызы ар ким тарабынан ар кыл аныкталып жүрөт. Бул термин орто кылымдардагы философиялык концептуализмдин тарапкерлери тарабынан көп колдонулчу (Т.Гоббс, П.Абеляр, У.Оккам ж.б.). Тигил же бул нерсеге болгон түшүнүктөрдүн жана айтымдардын жыйындысын да концепт деп белгилешчү. Концептти чет өлкөлүк жана россиялык бир топ окумуштуулар ар тараптан талдоого алышкан (Ж.Р.Андерсон, Т.Р.Андерсон, Л.В.Барсалоу, Б.Шварц, С.Шифер, С.Стиль, Р.Жакендофф, Ж.Лакофф, М.В.Пименова, Е.С.Кубрякова, В.А.Маслова, Е.В.Иванова, Л.И.Дрофа, З.Д.Попова, И.А.Стернин ж.б.). Россия илиминде концепт термини биринчи болуп С.А.Аскольдов тарабынан (Алексеев) 1928-жылы колдонулган. Айрым лингвисттер концепт жана түшүнүк (понятие) терминдерин мазмундук жактан барабарлаштырып, синоним катары аныкташат (Лингв. энц. сл. 384-б.). Ар бир автордун концепт тууралуу өз көз карашы бар. Алардын аныктамалары бири-бирине эч эле окшобойт.

Концепт терминининин баалуу туундусу бар. Бул – концептосфера, башкача айтканда, концепт алкагы. Концептосфера терминин Д.С.Лихачев илимге кийирген. Бул илимпоздун ою боюнча, концептосфера – улуттук концепттердин жыйындысы. Концептосфера – менталдык, көзгө урунбаган, рухта, эс-тутумда берилген кубулуш. Аны түзгөн концепттер аң-сезимде системалашып иреттелип жашайт. Коомдук, тайпалык, жеке концептосфера дагы болот. Жекече концептосфера, жеке адамдын дүйнө таанымы тайпалык концептосферага, тайпалык концептосфера коомдук концептосферага баш ийет. Концептосфералар көп булактуу, татаал түзүлүштө, ар түрдүү сапатта болушат. Өз ара карым-катышы да ар кыл, көлөмдөрү да бири-бирине эч окшобойт. Концептосфера аң-сезимде, ойлоодо, адам интеллектисинде болот (Леонтьев).

**1.4.Концептосфера, менталитет жана дүйнөнүн когнитивдик сүрөтү.** «менталитет» түшүнүгү Батышта көптөн бери эле колдонулуп жүрөт. Биздин илимий парадигмабызга ал жакында эле кире баштады. Менталитет тууралуу алгач социологдор, культурологдор (маданият таануучулар), психологдор сөз кыла башташкан. Лингвистикада бул термин 1960-жылдары колдонула баштады. Бул термин тар жана кенен мааниге ээ болуп жүрөт. Тар маанисинде менталитет деп акылдын туруктуу «кампасын», дүйнө көрүүнү айтышат (Филд, 1996: 8;

Ревель, 1996: 8; Ревель, 1993: 51). Менталитет - дүйнө сүрөтүн аныктоочу «ой кампасы» (Гачев). Менталитет – бир социалдык топко таандык пикирлердин, көз караштардын жыйындысы (Пушкарев). Г.В.Гетц менталитетке кең маанисинде мындайча аныктама берген: менталитет деп жүрүм-турумдун жана түшүнүгүнүн ыкмаларынын, көз караштардын жыйындысы айтылат. Бул аныктамада «менталитет» түшүнүгүнүн мазмунуна акыл кампасы, дүйнө көрүү манерасы, көз караштардын системасы, жүрүм-турумдардын жыйындысы кийирилет. Менталитет менен концептосфера тыгыз байланышта. Концептосфера - элдик билимдин сферасы, алкагы. Ал менталитеттерди аныктайт. Аалам тууралуу ой жүгүртүүнү улуттук концептосфераны түзгөн концепттер шарттайт. Ошол эле учурда концептуалдык бирдиктердин пайда болушун, байышын, сакталышын, динамикасын улуттук менталитет багыттап турат (Попова, Стернин, 2007:52).

**1.5.Концептуалдык изилдөөнүн методдору жана ыкмалары**

Концептуалдык изилдөөнүн маселелерине арналган теориялык жана эксперименталдык ири материал азыркы тил илиминде Н.Д.Арутюнова, С.Г.Воркачев, В.З.Демьянков, А.А.Залевская, И.В.Карасик, В.В.Колесов, Е.С.Кубрякова, З.Д.Попова, И.А.Стернин, Р.М.Фрумкина сыяктуу окумуштуулар тарабынан иштелип чыккан. Концептуалдык изилдөөнүн «татаалдыгы» жөнүндөгү Ю.С.Степановдун оюна Е.С.Кубрякова, Р.М.Фрумкина, В.А.Маслова, М.А.Пименова, З.Д.Попова, И.А.Стернин, С.Е.Никитина ж.б. көптөгөн окумуштуулар кошулушат. Кыргызстанда лингвоконцептологиянын, когнитивдик тил илиминин методологиялары жана методикасынын маселелери М.Дж.Тагаевдин, З.К.Дербишеванын, У.Дж.Камбаралиеванын, Л.Ф.Дрофанын жана башка бир топ окумуштуулардын изилдөө предмети болуп келүүдө.

Бүгүнкү лингвистикада концептуалдык изилдөөнүн туруктуу универсалдык модели жашабайт. Изилдөөчүлөрдүн тыянактарына таянып, лингвистика илиминде лексикалык концептти изилдөөнүн өзгөчө таркаган ыкмаларын жана жоболорун сунуш кылабыз: 1) ачкыч сөзүнүн маанилерин сөздүктөрдөгү түшүндүрмөлөрдүн негизинде анализдөө; 2) сөздөрдүн көп маанилүүлүгүн анын жайылуу процессинде изилдөө; 3) аталышы концептти репрезентациялоонун негизги лексикалык каражаты болгон ар түрдүү талааларды түзүү жана окуп-үйрөнүү; 4) ачкыч сөзүнүн этимологиясына кайрылуу; 5) изилденип жаткан ачкыч сөзүн кучагына алган паремиологиялык жана фразеологиялык бирдиктерди, б.а., концептти вербализациялоонун каражаттарын анализдөө, алардын провербиалдык бирдиктерде берилүүсүн ачып көрсөтүү, бул иш-аракет этностук дүйнө көрүмдү, улуттук маданиятты чагылтууга жол берет; 6) психолингвистикалык, ассоциативдик эксперименттер.

Экинчи бап **«Эмгек» концептинин түзүлүштүк жана когнитивдик-тилдик мүнөздөмөсү** деп аталып, бул бөлүмдө «Эмгек» концептине тиешелүү орчундуу маалыматтар, тилдик бирдиктер талданып берилет жана анын когнитивдик-семантикалык мазмунун аныктоого аракет жасалат.

**2.1.«Эмгек» концептине тиешелүү номинанттардын жалпы мүнөздөмөсү.**

«Эмгек» концептинин сферасы кенен. Ал адамзаттын жана жеке адамдын максаттуу, керектүү, жашоого зарыл аракеттеринин баарын камтыйт. Анын номинанттары көлөмү, маани-мазмуну, түзүлүшү, ойду чагылдыруучу мүмкүнчүлүктөрү, тилдик деңгээлге тиешелүүлүгү, символдору, денотаттары, ич ара алакалары ж.б. көрсөткүчтөрү боюнча ар түрдүү.

Концепттин өзөгүн ага дал келген *эмгек* сөзү түзөт. Ал эми анын

жакабелин: 1) жалпы ат болгон зат атоочтор: *иш, кызмат, жумуш, мээнет, профессия, адистик ...* ж.б.; 2) тар чөйрөнү билдирүүчү аталыштар: *а)малчы, чабан, койчу ... ж.б.; б)дыйкан, пахтакер, тамекичи ...* ж.б.; 3) булардан жасалган туунду сөздөр жана формалар: *а)жумуш – жумушчу, жумуштуу, жумушсуз ...; б)жумуш – жумшап, жумуштап ...*ж.б.; 4) сөз айкаштары: *а)пайдалуу жумуш, керек жумуш ...; б)жеңил жумуш, кызык жумуш... ж.б.* (сын атооч + зат атооч); *е)жумушка чегүү, жумуш берүү ...; ж)жумуштан кетирүү, жумушсуз коюу ...* ж.б. (зат атооч + этиш); 5) идиомалар, макал-лакаптар, афоризмдер: *Жалчы жумшаган жарыбайт, Мардикер жакшы иштебейт* ж.б.; 6) тексттер - булар көлөмү, тематикасы, түзүлүшү, милдеттери ж.б. тараптары боюнча түркүн сапаттуу чыгармалар. Талдап жаткан концепттин репрезентативдери тексттерде кенен, табигый орду менен, өз ара тематикалык байланышта бир бүтүндүктү түзүп, бир максатка баш ийип, белгилүү композициянын чегинде колдонулат. (Мисалы, «Быжы» тексти (ҮТКЭ. Ф., 1989, 128-б.)).

**2.2.«Эмгек» концептиндеги энциклопедиялык, философиялык, логикалык, социалдык-тарыхый жана экономикалык мазмун.** Эмгек антропогенезде орчундуу кызмат аткарган. Ошондуктан «Эмгек» концептин адамзаттын жаралыш теги менен байланыштырбай коюуга болбойт. Бул идея Ф.Энгельске таандык (Энгельс Ф. Роль труда в процессе превращения обезьяны в человека // К. Маркс, Ф. Энгельс. Соч. 2 изд. – Т.20. – С. 547-569).

«Эмгек» концептинин философиялык маани-маңызын сыпаттоо үчүн андагы семантикалык компоненттерди жиктеп алабыз. Эмгек – бул аракет. Кыймыл-аракет концепттин жалпы мазмунун аныктайт. Бирок «аракет» семасы көп түрдүү. «Эмгек» концепти аракетти бир максатка баш ийдирет, ошондуктан биз «максаттуу аракет» тууралуу гана сөз кылышыбыз керек. Эмгекте сөзсүз максат, белгилүү натыйжага жетүү аракети болуу керек. Максат объектисиз болбойт. Аракет белгилүү бир предметке, табияттын бир бөлүгүнө багытталыш керек. Ар кандай эле аракет эмгек болбойт. Мисалы, *аттан жыгылып түшүү* – аракет. Бирок мында максат жок. Биз үчүн *максат кылган, максаты бар аракет* зарыл. Максат, мүдөө, ой-тилек аң-сезимде эле жашоосу мүмкүн. Биз талдап жаткан концепт үчүн максаттын эле болушу жетишсиз.

Бул концепттин маани-маңызында социалдык-тарыхый да эпкин бар. Анткени бул концепттин мазмуну коомдун өнүгүү этаптарына, формацияларга түздөн-түз багынычтуу. «Эмгек» концептинде экономикалык сема даана көрүнүп турат. Анткени ал өндүрүш, өндүрүш күчтөрү, өндүрүш каражаттары, өндүрүш курал-жарактары, жумушчу күчтүн, убакыттын сатылышы, эмгек акы, эмгекти стимулдаштыруу, кошумча нарк, киреше ж.б. түшүнүктөрдү камтыйт.

**2.3.«Эмгек» концептинин саясий жана идеологиялык катмары.** Бул концепт – саясий жааттшуунун, тирешүүнүн, эрегишүүнүн символу. Эмгекчилерди *кул, күң, малчы, кароолчу, дыйкан, кумурачы, багбан, касап, темир уста, жыгач уста, тикмечи, паксачы* (түштүктө) ж.б. номинанттар менен атап, аларды өзүнчө топ катары карап келишкен. Эмгекчилердин ролун саясий деңгээлге көтөрүү «Эмгек» концептине саясий мазмун берүү XIX кылымдын орто ченинде немис окумуштулары Ф.Энгельс менен К.Маркс тарабынан аткарылган болчу. Алар 1947-жылы жазылган «Коммунисттик партиянын манифести» деген эмгегинде бул түшүнүктү саясий деңгээлге көтөргөн. Алар аталган концепттин сферасына кирген *пролетариат* сөзүнө саясий мазмун беришип, ал атаган топтогу эмгекчилерди буржуазия коомундагы эки негизги топтун бирөө катары

карашкан. К.Маркс менен Ф.Энгельс коммунисттик идеялардын жана идеалдардын ачып негиздөөчүсү катары, пролетарларды теңдикке, биригүүгө, өндүрүү куралдары менен каражаттарын кожоюндарынан тартып алууга чакырышкан. Өтө белгилүү учкул сөз: «Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле! Немисче Proletarier aller Lander, vereinigt euch!» да ушул эки илимпоздун табылгасы. Алар бул идеяны биринчи болуп көтөрүшкөн жана негиздешкен.

Учурунда *пролетар* термини көптөгөн топонимдердин негизин түзгөн: *Пролетарск, Пролетарий, Пролетарское, Пролетарский* ж.б. Азыр бул аттар өзгөрүлдү. Көбүнчө мурунку, совет дооруна чейинки аттары кайтарылып берилди.

Демек, совет доорунда «Эмгек» концепти идеологиялык да, саясий да, экономикалык да ири мазмунга ээ болчу. Рынокко өтүү эмгектин маанисин басаңдаткан жок. Бул учурда мажбурланбаган (коллективдештирилбеген, колхоздоштурулбаган, совхоздоштурулбаган ж.б.) *эмгек* сөзүнүн өзү бакыбат жашоого умтулуунун, жетишүүнүн, кененчиликте жашоону уюштуруунун стимулу же жол-ыкмасы катары түшүнүлүп калды.

**2.4.«Эмгек» концептинин этимологиялык катмары.** Кыргызча *«эмгек»* сөзү талданып жаткан концепттин экспоненттеринин өзөгүндө жайгашкан деп айтууга болот.

Аталган сөз туунду болуу керек. Анткени байыркы жазма эстеликтерде *эмге–* этиши учурайт да, ал «кыйналуу, жапа чегүү, кыйноо, мукуратуу; эмгектенүү, аракеттенүү; өзүн кыйноо, кабатырлануу; чарчоо, чаалыгуу» сыяктуу семаларды туюнтат. Бул этиш байыркы *эм* «иш, эмгек, кыйналуу» субстантивине таандык болуу керек. Бул уңгу түрк тилинде сакталып калган. Караңыз: *eme yaramak* - «ишке жарамдуу, иште болуу, пайда келтирүү, кыйынчылыктарды учуратуу». Ушул *эм* сөзүн чувашча *анка-* «кыйналуу, жапаа чегүү (ачкалыктан, чаңкоодон), казакча *эң-бек* «эмгек, иш» сөздөрү менен салыштырып, Э.В.Севортян архетип катары *ең* сөзүн реконструкциялап чыккан. Казакчанын *-бек* бөлүгүн ал инфинитивдик көрсөткүч катары баалап, *-мак* аффиксинин варианты катары аныктайт. Ал эми башка тилдердеги *эмгек* вариантын метатеза жолу менен тыбыштардын орун алмашуусунун натыйжасында жаралган модификация деп эсептейт.

Г.Вамбери *эм/эн* уңгусун байыркы уйгур тилиндеги *эмеке/емке* «ооруу, кесел», *эмгек* «иш, кыйналуу», *эмгенбек* «кыйынчылыкты өткөрүү», осмон түркчө *emek* «эмгек, машакат», *enel/engel* «эмгек, кыйналуу», якутча *эмек* «улгайган, чабал» сөздөрү менен салыштыруусу да аталган жоромолду колдоого түрткү боло алат (Э.В.Севортян, 1974: 274).

Каралып жаткан концепттин номинанттарынын ичинде *иш* сөзү орчундуу функцияга ээ. К.З.Зулпукаров кытайча *ши* «эмгек, иш, кызмат, аракет, балээ, балакет, кокустук, окуя, инцидент, алектенүү, конфликт; аткаруу, кызмат кылуу, башкаруу» сөзү менен байланыштырып, кырг. *иш* – кыт. *ши* сөздөрүндө тыбыштардын орун алмашып, метатеза кубулушуна дуушар болуп, тектеш эки сөз бири биринен алыстап кеткендигин белгилейт.

**2.5.Менталдык чөйрөдөгү «Эмгек» концептинин номинативдик бирдиктери.** «Эмгек» концепти башка улуттук-маданий концепттерден өзүнүн лексикалык курамынын бай, терең жана көп түрлүү, көп катмарлуу экендиги менен айырмаланат. Буга «Эмгек» концепти катышкан же ушул концептти кучагына алган ар кыл түшүнүктөр, илимий терминдер, провербиалдык

бирдиктер, учкул сөздөр, макал-лакаптар (458), фразеологизмдер (63), афоризмдер (157) ж.б., бул концепттин укуктук-юридикалык жана философиялык алкактарын чагылтуучу репрезентанттардын мол экендиги күбө боло алат. «Эмгек» концептинин жалпы курамы, менталдык мазмуну жана номинативдик талаасы россиялык көптөгөн илимпоз тилчилерди (Л.В.Басова, Ч.Р.Мукатдесова, Г.В.Токарев ж.б.), кыргыз паремиологдорун Г.Тажиева, А.Курманбекова, Ж.Койчуманов, О.Айтымбетов (бул окумуштуулар эмгекке байланыштуу макалдарды топтошкон) ж.б. кызыктырып келген.

Бул параграфта биз ар кыл сөздүктөрдөн, энциклопедиялардан, илимий-популярдуу адабияттардан, макал-лакаптардан, эл оозунан жана ар түрдүү булактардан жыйналган «Эмгек» концептине тиешелүү лексиканы белгилүү бир классификацияга, нукка бөлүп, жыйынтыгында 10 түрлөрүн ажыратып алдык.

**2.6.«Эмгек» концептин вербалдаштыруучу бирдиктер жана алардын семантикасы.** Кыргыз тилиндеги «Эмгек» концептинин алкагындагы негизги түшүнүктөр аркылуу биз бул параграфта эмгекке, эмгектенүүгө, ишке, мээнетке, жумушка жана кызматка байланыштуу терминге, кээде туруктуу сөз айкаштарына айланган тилдик бирдиктердин маанилерин кыскача чечмелеп, аларды белгилүү бир тартипте топтоштуруп, классификациялап, алардын түрдүү өзгөчөлүктөрүн, касиеттерин ачыктап берүүгө аракет жасадык.

**I.«Эмгек» концептинин ядролук башкы түшүнүктөрү:** *эмгек, иш жумуш, кызмат;* **II.Өнөр жайга, завод-фабрикага, мекеме-ишканаларга, өндүрүшкө байланыштуу негизги түшүнүктөр:** *эмгектин интенсивдүүлүгү, эмгекти нормалоо, иштөө нормасы, эмгек куралы, зарыл эмгек ... ж.б.;* **III.Кыргыздын улуттук менталитетин чагылдырган лингвоэтномаданий түшүнүктөр:** *иш илгери, иш куржун, мээнетиңди алайын, эмгекте;* **IV.Документацияга байланыштуу юридикалык түшүнүктөр:** *иш кагаздары, эмгек тартиби, эмгек акы, эмгек китепчеси, эмгек стажы ... ж.б.;* **V.Ар кандай тарыхый уюмдарды, топтору, бирикмелерди ж.б. билдирүүчү историзм сөздөр:** *Жумушчу жана кол өнөрчүлөр союзу, Эмгекчи аялдар союзу, Жумушчулар менен чайрекерлер союзу. ж.б.;* **VI.Топонимдик түшүнүктөр:** *Эмгекчил, Эмгек-талаа ж.б.* **VII.«Эмгек» концептине тиешелүү кошмок сөздөр:** *иш-аракет, кызмат, иш-милдет ж.б.;* **VIII.Белгилүү бир инсанды атоочу түшүнүктөр:** *эмгекчи, ишмер, ишкер, ишчи, иштерман, жумушчу, жумушкер, кызматчы, жумушчу аристократия, жумушчу табы ... ж.б.;* **IX.Белгилүү бир социалдык, илимий, экономикалык, саясий процесстерди туюнтуучу түшүнүктөр:** *эмгекти илимий уюштуруу, иш таштоо, эмгектин бөлүнүшү, жумушсуздук ... ж.б.;* **X.Педагогикалык алкактагы түшүнүктөр:** *эмгек тарбиясы, эмгек ырлары, эмгек психологиясы... ж.б.;* **XI.Гезит-журналдардын аталыштары:** *«Эмгек даңкы», «Эмгек жарчысы», «Эмгекчил», «Эмгекке даңк», «Эмгек майданы» ... ж.б.;* **XII.Эмгекке жана медицинага тиешелүү түшүнүктөр:** *эмгек гигиенасы, эмгек физиологиясы, эмгекке жарамдуулук, эмгекке жарамсыздык, эмгек менен дарылоо... ж.б.;* **XIII.Эмгек жөнүндөгү заманбап илимдер:** *эмгектин экономикасы, эмгектин медицинасы, эмгектин социологиясы... ж.б.;* **XIV.«Эмгек» концептине байланыштуу ар түрдүү түшүнүктөр:** *Жалданма эмгек жана капитал, эмгек ресурстары, Социалисттик эмгектин баатыры, Эмгек сиңирген ж.б.*

**2.7.«Эмгек» концептинин мазмундук компоненттерин репрезентациялоочу синонимдер жана антонимдер.** Кыргыз тилинде изилденип жаткан «Эмгек» концептинин маани- маңызын ачып берүүчү *эмгек* ачкыч

сөзү төмөнкү синонимдерге ээ: *мээнет, иш, жумуш, кызмат, иш-аракет, ишкердик, күч-аракет, аракет, күч, басылма, китеп, кол жазма, илимий иш, чыгарма, изилдөө, жумушчу күчү, кесипчилик, практика, машыгуу, жасоо, түзүү, жаратуу, аткаруу, чыңалуу, күчөнүү, жер айдоо, эгин чабуу, жемиш, ийгилик, чеберчилик, кара жумуш, эринбөөчүлүк, жалкоосуздук* ж.б.

«Эмгек» концептинин негизги түшүнүктөрү, ядролук синонимдери болгон *мээнет* (2 мааниси бар), *иш* (3 мааниси бар), *жумуш* (3 мааниси бар), *кызмат* (3 мааниси бар) лексемалары полисемиялык лексемалар. Алардын негизги номинативдик мааниси *эмгек, иш* синонимдери аркылуу берилсе, кеңири мааниге ээ жалпыраак түшүнүктөрү, б.а., гиперонимдери катары *ишкердик, иш-аракет, күч-аракет* сыяктуу лексикалык бирдиктер кызмат кылат.

Мындан сырткары изилдөөнүн жүрүшүндө *эмгек кылуу* (этиш), *эмгекчи* (зат атооч) жана *эмгекчил* (сын атооч) сыяктуу үч сөз түркүмүндөгү лексикалык бирдиктердин синонимдик катарын түзүүгө дагы аракеттер жасалган. Алар төмөндөгүдөй мүнөздө болду (2.1-табл.).

**2.1-таблица**

| | | |
|---|---|---|
| Эмгектенүү | Иштөө | Жумуш жасоо |
| Кызмат кылуу | **Эмгек кылуу** | Мээнет кылуу |
| Жасоо Кылуу | Күч жумшоо | Иришүү |

Бардык субстантивдик сөздөрдөн этиштик формаларды түзүүгө болот: эмгек – эмгектенүү, иш – иштөө, мээнет – мээнетттенүү, кызмат – кызматташуу, жумуш – жумуштоо (жумуштап келиптир). Бул зат атоочтордон төмөнкүдөй жол менен этиштик сөз айкаштарын түзүүгө болот:

Иш / Жумуш — кылуу, жасоо, аткаруу

Кызмат — кылуу, көрсөтүү, аткаруу

«Эмгек» концептинин негизги репрезентанты төмөнкүдөй антонимдерди өзүнө камтыйт: *эринчээктик, арам тамактык, жалкоолук, кашаңдык* (*Кашаңдык кылып чегинбей, кайнап чыккам эмгектен* (Осмонкул)), *бекерчилик, бекерпоздук, бекерлик, курулайлык, ишсиздик, жумушсуздук, эринүүчүлүк, эрингендик, ышынуучулук, ышынчаактык, жалакайлык, моюну жай бербегендик, бербөөчүлүк, кежигеси кер тартуучулук, көңүлү келбөөчүлүк, демилгесиздик, бекер отуруучулук, эс алуу, аракетсиздик* ж.б.

Мындай жайгашууну схема түрүндө көрсөтүүгө болот (2.2.-табл).

**2.2-таблица**




Натыйжада «Эмгек» концептинин борбордук синонимдери катары *мээнет, иш, жумуш, кызмат,* ал эми антонимдери болуп *эринчээктик, арам тамактык, жатып ичерлик, жалкоолук, кашаңдык* лексемалары аныкталды.

**2.8.«Эмгек» концептине тиешелүү бирдиктердин деривациялык өзгөчөлүктөрү.** *Иш, иштөө, эмгек, эмгектенүү, мээнет, мээнеттенүү, кызмат, жумуш* сыяктуу «Эмгек» концептинин ядролук дериваттарынан куралуучу жалпы уңгулуу лексемаларды топтоп, каттап, системалаштырып, санап чыктык. Анализдөөнүн натыйжасында *Иш, иштөө* лексемаларынан ар кыл мүчөлөрдүн жардамында 50 уңгулаш сөз түзүлдү, *Эмгек, эмгектенүү* лексемаларынан 27 уңгулаш сөз куралды, *Мээнет, мээнеттенүү* лексемаларынан 14 уңгулаш сөз жасалды, *Кызмат* лексемасынан 10 уңгулаш сөз түзүлдү, *Жумуш* лексемасынан 8 уңгулаш сөз конструкцияланды.

«Эмгек» концептине тиешелүү көпчүлүк сөздөр **-чи, -кер, -чилик, -чил, -сыздык, -сыз, -теш, -түү** ж.б. суффикстердин жардамында түзүлгөн. Бир эле суффикс бардык түшүнүктөргө же алардын көпчүлүгүнө таандык экендиги дагы байкалат. Алсак, сын атоочту туюндурган **-туу** суффикси *жумуштуу, иштүү, эмгектүү, мээнеттүү* сөздөрүндө орун алат.

**-Дүү (-түү)+-лүк, -кер+-дик, -кер+-дүү+-лүк, -мер+-дик** (**-дик** кээде **-лик** суффиксине да өтүп кетет), **-тик+-түү+-лүк** курандыларынын (Айрым окумуштуулар *суффикс, мүчө* түшүнүктөрүнүн ордуна *куранды* сөзүн колдонуп жүрүшөт) жардамында абстракттуу маанидеги зат атоочтор (*ишкердүүлүк, ишкердик, иштиктүүлүк, иштүүлүк* ж.б.) түзүлөт.

*Ишкер, ишмер, ишмекер, иштерман, ишмечи, ишчи* сыяктуу ким? деген суроого жооп берген, ишкердүүлүк менен алектенген адамдарды билдирүүчү сөздөр: **-кер, -мер, -чи, -ман, -ме+-кер, -ме+-чи** мүчөлөрү аркылуу жасалат. Аталган курандылардын ичинен **–чи (-чы, -чу, -чү)** курандысын өнүмдүү деп саноого болот. Анткени анын жардамында *жумушчу, ишчи, ишмечи, эмгекчи, кызматчы* лексемалары жасалат. Мындан сырткары белгилүү бир затты, предметти туюнткан *иштелме, ишкана* лексемалары **-тел+-ме, -кана** мүчөлөрүнүн жардамында куралат.

Тангыч терс формалары: **-сыз/-сиз/-суз/-сүз/ + -дык/-дик/-дук/-дүк/, -те, -тен+-бес, -те, -тен+-бес-+-тик, -те+-бөө, -тел+-бес, -тел+-бес+-тик, -те, -тен+-беген, -те, -тен+-беген+-дик, -тел+-беген, -тел+-беген+-дик, -те (-н), -бөө+-чүлүк** курандыларынын жардамында жаралат (*ишсиз, жумушсуз, жумушсуздук, иштебес* ж.б.).

Натыйжада концепттин борбордук дериваттарынын арасынан *иш* лексемасы өтө өндүрүмдүү экендиги байкалды. Жалпысынан бул беш дериваттын (иш,

эмгек, мээнет, кызмат, жумуш) жардамында концептке тиешелүү **106** сөз уюшулгандыгы аныкталды.

**2.8.Кыргыз этносунун тилдик аң-сезиминдеги «Эмгек» концептинин спецификасы (ассоциативдик эксперимент).** «Эмгек» концептинин маани-маңызын тил ээлеринин улуттук-маданий эс-тутумундагы ассоциациялардын, элестөөлөрдүн негизинде эркин ассоциативдик эксперимент жүргүздүк. Экспериментке жалпысы болуп 182 адам респондент катары катышты. Респонденттердин жашы – 16-78дин аралыгында.

Аларга төмөнкүдөй суроолорго сөз, сөз айкашы, айтым, сүйлөм, конструкция ж.б. колдонуп жооп (реакция) жазуу сунуш кылынды: 1) Эмгек дегенде эмнени түшүнөсүңөр? 2) Эмгектин кандай түрлөрү бар? 3) Эмгекке байланыштуу 3-4 сөз (реакция) жазгыла.

Натыйжада 51 ассоциат аныкталды. Эксперименттин жыйынтыгын иштеп чыгарууда бардык ассоциаттар ошонун ичинде бирин-серин кезигүүчүлөрү дагы эске алынды. Жалпы жонунан реакциялар ар түрдүү болду. Алардын саны сөздүктөрдөгү семалардын санынан ашып кетти. Төмөндөгү таблицада көп аныкталган ассоциаттарды көрсөтөбүз (2.3.-табл).

**2.3 –таблица**

| **АССОЦИАТТАР** | **Жооптордун саны** |
|---|---|
| 1. Иш (ар кандай иш) | 86 |
| 2. Күч эмгеги | 82 |
| 3. Жумшалган мээнет | 71 |
| 4. Эмгек кылган адам ачка калбайт | 65 |
| 5. Жумуш | 63 |
| 6. Акыл эмгеги | 59 |
| 7. Жалданма эмгек | 53 |
| 8. Колдун чору, чор баскан колдор | 52 |
| 9. Турмуштагы күнүмдүк машакаттар | 52 |
| 10. Адамдардын максатка ылайыктуу ишкердиги | 47 |
| 11. Эмгекти дайыма натыйжа, жыйынтык коштоп жүрөт | 43 |
| 12. Чарчатуучу иш | 39 |
| 13. Кыймыл-аракет, аракет кылуу | 32 |
| 14. Эмгек – жашоонун кыймылдаткыч күчү, жашоодогу маанилүү фактор | 34 |
| 15. Таш көтөрүү, ылай кылуу, бетон куюу | 29 |
| 16. Өндүрүш, продукция | 27 |
| 17. Бешене тер менен жасалган кызмат | 27 |
| 18. Бардык адамдар сөздү көп сүйлөбөй, эмгек кылышы керек | 26 |
| 19. Социалисттик эмгек | 25 |
| 20. Сабак окуу, лекция, конспект жазуу бул – эмгек. | 24 |
| 21. Катуу, оор эмгек | 21 |
| 22. Илимий эмгек | 19 |

Эксперименттин жыйынтыгы көрсөткөндөй, улуу муундун өкүлдөрүнүн жооптору конкреттүүлүгү жана жеткиликтүүлүгү менен айырмаланат. Ал эми жаштардын жоопторунан бир жерден окуган же уккан шаблондорду жана өздөрүнүн ишмердүүлүгүнүн багыты менен байланышкан тар маанидеги түшүнүктөрдү (сабак аткаруу) байкоого болот. Ошондой эле шаардык жана айылдык жашоочулардын жоопторунда да айырмачылыктар байкалат.

**3-бап.«Эмгек» концептинин когнитема жана фрейм уюштуруучулук касиеттерин изилдөөнүн натыйжалары** деп аталып, «Эмгек» концептин атоочу

жана сыпаттоочу лексика-фразеологиялык жана паремиялык каражаттарды ачып көрсөтүүгө, алардагы когнитемаларды аныктоого, чечмелеп берүүгө жана аны лексикографиялык булактардын негизинде мүнөздөөгө арналган

**3.1.«Эмгек» концептосферасынын лексикографияда репрезентацияланышы.** Россиялык белгилүү когнитолог-концептологдор З.Д.Попова жана И.А.Стернин «Когнитивдик лингвистика боюнча очерктеринде» концептуалдык изилдөөнүн негизги ыкмаларынын бири катары: мүмкүн болушунча көптөгөн сөздүктөрдүн жардамында ачкыч сөзүнүн чечмелеништерин анализдөө ыкмасын сунушташкан. Биз ушул ыкманын негизинде «Эмгек» концептинин ачкыч сөзү болгон *эмгек* лексемасынын ар кыл сөздүктөрдөгү чечмелеништерин белгилеп көрсөтүүгө аракет кылдык (Попова, Стернин, 2001:16).

«Эмгек» концептинин лексикалык (сөздүктөрдөгү) репрезентациясы (кодификациясы) концепттин ядросунда жана перифериясында тематикалык жактан жалпылаштырылган катмарлардан турган *эмгек* лексемасына тиешелүү **28** микроталааны белгилеп көрсөтүүгө жол берди (3.1-табл.).

**3.1-таблица**




«Эмгек» концепти жогорку деңгээлде абстракцияланган ой түзүм болгондуктан, аны материалдаштырууда көптөгөн абстракттык маанилер колдонулду: *ишкердик, иш, аракет, иш-аракет, жумуш, кызмат, күч,*

*энергия, чыңалуу, процесс* ж.б. Бирок келтирилген дефиницияларды арасында конкреттүү, предметтик категориялык мааниге ээ аныктамаларды дагы кезиктирүүгө болот: *жазылган, иштелген же басылып чыгарылган чыгарма, изилдөө иши, китеп; кээ бир илимий басылмалардын аталыштарында орун алган түшүнүк; адамдын көз майы.*

Көптөгөн сөздүктөрдө эмгек сөзүнүн аныктамасы берилгенден кийин акыл эмгеги, күч эмгеги деген сыпаттоолор көрсөтүлөт. Бул болсо, эмгектин башка түрлөрүнө караганда акыл-эс, кол/бут ж.б. дене мүчөлөрүнүн жардамында жасалган түрлөрү басымдуулук кылары, алар негизги түрлөрү экендигинен кабар берет. Акыл эмгеги байыртадан физикалык эмгектен кийин пайда болгондуктан, адам ишкердүүлүгүнүн бул түрү өз табияты, мааниси боюнча ядрого эмес, перифериядага тиешелүү болуп калаарын ассоциативдик эксперименттин жыйынтыктарынан, көркөм чыгармалардан көрө алдык.

**3.2.Когнитивдик эпитеттер «Эмгек» концептин репрезентациялоочу каражаттар катарында.** «Эмгек» концептинин *эмгек* ачкыч сөзүнө тиешелүү эпитеттерди (сын атоочторду) ар кыл сөздүктөрдөн, көркөм адабий чыгармалардын текстеринен, энциклопедиялык маалыматтардан, макал-лакаптардын арасынан жана оозеки кептен топтодук. Мындагы топтолгон эпитеттерди маанилерине, түрдүү касиеттерине жана белгилерине карата бир нече топко бөлүштүрүп, классификациялап, санап чыктык. Алар: 1)күч эмгегине тиешелүү эпитеттер - *алсыратуучу, кара терге түшүп (чөмүлүп) кылынган, адам чыдагыс, катаал, жанга батуучу, адамдын алын кетирүүчү, жабыктыруучу, демилгесиз, эзүүчү, оор...* ж.б.; 2)акыл эмгегине байланыштуу эпитеттер - *аң-сезимдүү, эстен чыккыс, унутулгус, акыл, үмүтсүз, абстракттуу, көңүл эргиткен, шыктандыруучу, чыныгы кайрат берүүчү, аргасыз, милдеттүү, ыктыярсыз, күч салынган, кыстап кылдырган, эрксиз...*ж.б.; 3)эмгектин көлөмүн билдирүүчү эпитеттер - *заңкайган, эбегейсиз зор, укмуштуудай чоң, зор, фундаменталдык, бир далай, чоң, күч жетпес, болор-болбос, арзыбаган, опол тоодой, нар көтөргүс...*ж.б.; 4)эмгектин тазалыгын, адал эместигин, тууралыгын туюндурган эпитеттер – *адал, ак, накта, жасалма...*ж.б.; 5)эмгектин экономикалык-юридикалык катмарына тиешелүү эпитеттер – *жалданма, эркин, акы төлөнбөгөн, квалификациялуу, материалдык...*ж.б.; 6)эмгектин баалуулугун, мыктылыгын чагылдырган эпитеттер – *улуу, унутулгус, ыйык, асыл...*ж.б; 7)эмгектин маанилүүлүгүн, актуалдуулугун көрсөткөн эпитеттер – *орчундуу, даңктуу, олутуу...*ж.б.; 8)эмгектин маанисиздигин, керексиздигин көрсөткөн эпитеттер – *жигерсиз, маанисиз, татыксыз, пассивдүү...*ж.б.; 9)эмгектин кооптуулугун чагылткан эпитеттер – *кооптуу, коркунучтуу, тобокелге салып иштелген...*ж.б.; 10)эмгектин күжүрмөндүгүн белгилөөчү эпитеттер - *тайбас, күжүрмөн, кайраттуу...*ж.б.; 11)эмгектин жыйынтыгын, касиеттерин сүрөттөөчү эпитеттер – *бакытка бөлөнгөн, жемиштүү, үзүрлүү, шаңдуу, бөөдө, өлбөс-өчпөс...*ж.б.; 12)эмгектин жаратуучулук касиетин туюнткан эпитеттер – *өндүргүч, чыгармачылык, өнүмдүү...*ж.б.; 13)сыртынан жагымсыз көрүнгөн эмгекти билдирүүчү эпитеттер – *копол, одоно, ыксыз, көңүл суутуучу...ж.б.*; 14)эмгектин таандыгын чагылдырган эпитеттер – *жазуучунун, жашы жете электердин, акындык, жазгы...*ж.б.; 15)эмгектин башталуу, бүтүү деңгээлин көрсөткөн эпитеттер – *алгачкы, баштапкы, соңку, эски...*ж.б.; 16)ар кыл жандыктардын эмгегин белгилөөчү эпитеттер – *аттын, өгүздүн, төөнүн...*ж.б.; 17)эмгекке карата

сейрек колдонулуучу эпитеттер – *айнектей тунук, акылман, кан-жан аралашкан...*ж.б. Баары - 338 бирдик.

**3.3.«Эмгек» концепти сөз айкаштарда.** Концептти билдирүүчү сөздөрдүн айкалышуусун анализдөө ыкмасы жайылган ыкма жана ал З.Д.Попова жана И.А.Стернин сунуштаган ыкмага же багытка шайкеш келет. Изилдөөчү өзүнүн анализин концепттин аталышын тандоодон баштайт. Концепт тандалгандан кийин анын ар кыл тексттердеги башка сөздөр менен колдонулуусун аныктоо жеңил. Биздин көз караште, конкреттүү сөздүн лексикалык айкалышуусу – концепттин табиятынын маанилүү көрсөткүчү. Концептти чагылдыруучу сөздүн кепте колдонулуш мисалдары улуттук тилдин семиотикалык мейкиндигиндеги башка концепттер менен болгон анын айкалышуусун ачыктап берет.

Бул главада «Эмгек» концептинин репрезентанттарынын ар кыл сөздөр менен болгон айкалышууларын аныктап, аларды төмөндөгүдөй формулалардын жардамында берүү мүмкүн экендигин көрсөттүк: эмгекти мүнөздөөчү, сүрөттөөчү *сын атоочтор*: $Ad+S_1$ (сын атооч+атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч) – 62 бирдик; *Кимдин эмгеги?* $S_2+S_1$ (илик жөндөмөсүндөгү зат атооч+атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч) – 44 сөз; *Эмненин эмгеги?* $S_2+S_1$ (илик жөндөмөсүндөгү зат атооч+атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч) – 25 сөз; *Эмгекке:* $S_3+V$ (барыш жөндөмөсүндөгү зат атооч+этиш) – 48 сөз; *Эмгек:* $S_1+V$ (атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч+этиш) – 97 сөз; *Эмгекти*: $S_4+V$ (табыш жөндөмөсүндөгү зат атооч+этиш) – 84 сөз ж.б.

**3.4.Провербиалдык каражаттардын (бирдиктердин) белгилери. 3.4.1.«Эмгек» концепти идиомаларда.** Изилдөөнүн жүрүшүндө биз тараптан «Эмгек» концептине тиешелүү 66 фразеологиялык бирдик топтолгон болчу. Бул бирдиктердин топтоодо Ж.Осмонова, К.Конкобаев, Ш.Жапаров тарабынан жарык көргөн «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгүнөн» жана академик А.Акматалиевдин редакциясы астында басылган «Кыргыз тилинин сөздүгү» аттуу ири эмгектен ж.б. фразеологиялык сөздүктөрдөн пайдаландык. Алардын номинативдик, тематикалык түрлөрүн аныктоо максатында, топтоштуруу, жалпылоо ыкмасынын колдонуп, системалаштырдык, классификацияладык. Жыйынтыгында 10 микротоп бөлүнүп көрсөтүлдү: *I.Берилип катуу иштөө, эмгектенүү, кызмат кылуу; II.Жалкоолонуу, эмгек кылбай эптеп-септеп жашоо; III.Ишти бүтүрүү, аягына чыгаруу; IV.Эмгектин натыйжасы, жемиши; V.Ар түрдүү; VI.Жалкоо; VII.Иштин илгерилеши; VIII.Иштин артка кетиши, жүрбөшү; IX.Жардамдашуу; X.Кимдир бирөөнү иши менен ыраазы кылуу.*

Натыйжада «Эмгек» концептинин фразеологиялык талаасынын ядросун жогорку жыштыктагы 20 бирдикти өзүнө камтуу менен *Берилип катуу иштөө, эмгектенүү, кызмат кылуу* деген микротоп түздү. Жакынкы периферисына ядролук жыштыкка салыштырмалуу төмөнүрөөк жыштыктагы *Ишти бүтүрүү, аягына чыгаруу* (8 бирдик), *Эмгектин натыйжасы, жемиши* (7 бирдик) сыяктуу микротоптор таандык болду. Алыскы периферисынан төмөн жыштыктагы тилдик бирдиктерди өздөрүнө камтуу менен *Иштин илгерилеши; Жардамдашуу, Кимдир бирөөнү иши менен ыраазы кылуу* деген микротоптор орун алды.

«Эмгек» концептине тиешелүү топтолгон 66 фразеологиялык бирдиктердин грамматикалык талаасын куруу жана окуп-үйрөнүү, сөз түркүмдөрүнө карата болгон алакасын аныктоо үчүн сөз түркүмдөрү боюнча дагы чакан грамматикалык анализ жүргүздүк. Жыйынтыгында идиомалардын басымдуу бөлүгү ар түрдүү кыймыл-аракеттерди туюнтуп этиштик фразеологизмдерге таандык болду. Ал эми 9 бирдик заттык, предметтик мааниде болуп, зат атоочтук курамга кирди,

3 бирдик субъекттин кыймыл-аракетин, мүнөзүн сыпаттап, сын атоочтук идиомаларга кошулду.

**3.4.2.«Эмгек» концептин уюштурган когнитемалардын тобу.** Дүйнөнүн провербиалдык дүйнөсүндөгү «Эмгек» концептинин когнитивдик белгилерин ачып берүү үчүн биз тараптан 410дон ашуун провербиалдык тилдик бирдик (макал-лакап) анализденди. Бардыгы болуп 4 топ көрсөтүлүп, аларда 32 эң жыш (кайталанып туруучу) когнитемалар белгиленип көрсөтүлдү.

Концептуалдык талааны моделдештирүү ыкмасын колдонуп, ядролук зонанын эки микроталаа (катмар) түрүндөгү базалык түзүүчүлөрүн аныктадык: 1.«Эмгектин адам баласынын жашоосундагы натыйжалары». 2.«Эмгектин адамдын жашоосундагы орду». Жакынкы перифериясына «Эмгектин процесс катары мүнөздөмөсү» тобунун ичине кирүүчү: *Адам эмгеги менен бааланат; Эмгекти байлык, бакыт, ар кандай жакшылыктар коштойт; Иш жана жарнама; Уста+кол(курал)+жумуш (иш) ж.б.* концептуалдык белгилер киргизилди. Алыскы перифериясы: «Адамдардын жүрүм-турумунун типтеринин эмгекке карата бөлүштүрүлүшү» катмарын түзүүчү: *Эмгек кылбагандын, жалкоонун жашоосу жакшы болобойт; Эмгекчил адам ишсиз тура албайт; Акылдуулар ишти жакшы кылышат, алар иштин тилин билишет* ж.б.у.с. когнитемаларды чагылтуучу паремиялардын тобу түздү.

Провербиалдык бирдиктердин бардык топторун анализдеп чыккандан кийин «Эмгек» концептинин түшүнүк берүүчү, образдык жана баа берүүчү компоненттерин бөлүп көрсөттүк:

**3.4.3. «Эмгек» концептин билдирген макал-лакаптардагы когнитемаларга когнитивдик анализ.** Паремиялардагы жалпылоочу мазмунду айрым окумуштуулар когнитема деп аташат. Е.В.Иванова адамдын аң-сезиминде жана эс-тутумунда когнитемага окшош айрым аналогдор бар экендигин божомолдойт (Е.Г.Иванова, 2006). Бул демилге бир топ изилдөөчүлөр тарабынан колдоого ээ болду (К.З.Зулпукаров, Л.И.Дрофа, С.Б.Эргешова, С.Сейитбекова, А.Калмурзаева ж.б.). Когнитема деп тигил же бул концептке тиешелүү эң жалпы предикативдүү сапаттарды жана касиеттерди жиктеп алып, аны билдирүүчү тилдик каражаттардын ички мазмунунда берилүүчү маанини айтышат.

Провербиалдык каражаттардагы (макал-лакаптардагы) «Эмгек» концептинде негизинен 32 когнитеманы жиктеп чыктык жана алардын ар бири бир нече бирдикти кучагына алат.

Изилдөөнүн жыйынтыгында паремиялардын негизинде уюшулган когнитемалардын көпчүлүгүндө «Эмгек» концептти баалуу, керектүү, пайдалуу жана натыйжалуу ишкердик катары сыпатталып, оң баага, оң мүнөздөмөгө ээ болду.

**3.4.4.«Эмгек» концептин уюштурган афоризмдерге когнитивдик-семантикалык анализ.** Афоризм грекче *aphorismos* сөзүнөн бизче «кыска санат сөз» дегенди билдирет. Афоризмдер байыркы доордо эле пайда болушкан, бирок бул терминди биринчи жолу байыркы грек окумуштуусу Гиппократ илимге киргизген. Афоризм термини эки мааниде колдонулуп жүрөт. Кеңири маанисинде афористикага макал-лакаптар, ыйык китептерден алынган учкул сөздөр, ойчулдардын кыска айтымдары кирет. Ал эми тар маанисинде афоризм деп автору же пайда болуу булагы белгилүү болгон даана жана образдуу ой пикирлер айтылат.

Биз эмгегибизде афоризмдерди макал-лакаптар сыяктуу провербиалдык

бирдиктер катары карап, алардын бир нечесинде «Эмгек» концептине тиешелүү когнитемаларды аныктап, бөлүп көрсөтүү менен анализдеп чыктык. Бул максатка ылайык изилдөө материалдарын «10000 афоризмов, мыслей, высказываний великих и знаменитых» деген ири эмгектен, А. Жапановдун 2 томдук афоризмдер жыйнагынан жана http://www.wisdoms.ru/avt/b268.html сайтынан алдык (10000 афоризмов, мыслей, высказываний великих и знаменитых. – Минск: Харвест, 2010. – 400 б., А. Жапанов, 2011, 2 томдук).

Учкул сөз каражаттарында негизинен «Эмгек» концептине байланыштуу «Эмгек - жашоонун маңызы, кыймылдаткыч күчү», «Эмгекке астейдил, этият, жоопкерчилик менен мамиле кылуу керек», «Эмгек ыракатты пайда кылат» ж.б.у.с 13 когнитемалар, жиктелип, каралган афоризмдердин бир кыйласы орус тилинен калькалоо жолу менен которулду.

**3.5. «Эмгек» концептиндеги фреймдик жана сценарийдик түзүлүштөр.** Концепт ар түрдүү түзүлүшкө жана элементтерге ээ. Ал когнитивдик лингвистикада фрейм, сценарий, схема, символ (орок+балка), когнитема, прототип, пропозиция түзүлүштөрүнө ээ болуп, менталдык маалыматтарды ушул категориялар аркылуу туюндурат. **Фрейм** деп көп элементтерден жана бөлүктөрдөн курулган, көлөмдүү жана «бутактаган» элестөөнү жараткан концептти айтышат. Фрейм – нерсе, кубулуш, окуя жөнүндөгү көнүмүш, туруктуу жана стандарттуу билимдердин системасы, жыйындысы. **Сценарий** - бул нерсе, кубулуш же окуя тууралуу билимдин убакытка карата ырааттуу берилиши.

Бул диссертациялык эмгекте «Эмгек» концептинин мазмундук өзгөчөлүгүн фрейм жана сценарий аркылуу ачууга аракет жасалат. Мисал катары устачылык жана кулинария ишкердигиндеги лексемалар сыпатталат.

**3.6. «Эмгек» концепти көркөм адабиятта.** «Эмгек» концептине акын-жазуучулар да кайрылышкан. Бул главада алардын айрымдарына когнитивдик талдоо жасадык. Биринчи, «Эмгек» концепттин даана чагылткан чыгарма Жоомарт Бөкөнбаевге таандык. Автор ырында «Эмгек» концептин көркөмдөп ачууга аракет жасаган. Ал алты куплеттен, 24 саптан турат. Ырдын темасы, объектиси – *эмгек*. Мында *эмгек* сөзү 16 жолу бардык жерде сап аягында уйкаштыкты түзүп колдонулган. Көпчүлүк куплеттерде 2-3-4-саптардын аягында келсе, айрымдарында 1-2-4-саптарда же 2-4-саптардын аягында орун алган. Кызыгы, бир гана жолу төртүнчү куплетте сап ортосунда аныктамасыз келген (*Көкөлөп эмгек менен өсүп-өнмөк*). Ырдын текстинде эмгек процесси айрым контексттик антонимдерди дагы жараткан: ***Жаңыртып*** *куу турмушту башка түргө,* ***Эскини*** *энтелетип жеңген эмгек.* Ырда «Эмгек» концептинин негизги экспоненттери болгон *иш, мээнет, жумуш, кызмат* лексемалары учурабайт, бирок *эмгекчил* сөзүнө антоним катары колдонулуучу *ичин сылап жөн жаткан* сөз айкашы кезигет.

Акындын бул ыры толугу менен биз изилдеп жаткан концептти кучагына алып, аны сүрөттөөгө, маани-маңызын ачып берүүгө жана аны жалпы адамзат коомундагы бийик ордун, баалуулугун белгилеп көрсөтүүгө арналгандыктан текстти иликтеп көрүп, «Эмгек» концепти кирген бир нече жалпы ойду же когнитеманы ажыратып чыгууга болот: 1.Эмгек жашоодогу бардык жыргалчылыкты алып келет; 2.Эмгек кишини багат, адамзат турмушун жакшы нукка өзгөртөт; 3.Эмгек бар жерде береке болот; 4.Эмгек менен гана жер-жемиштер, бак-дарактар жемишин берет; 5. Эмгек жер бетин көрккө бөлөйт.

Ырдын менталдык-семантикалык мазмунун серептеп биз мында ядро -

периферия талаасын аныктоого аракет жасадык.

Ошентип, тексттин курамында өзөктүк концепт текст бою өтө жыш колдонулуп, анын маани-мазмунун, концептосферасын жана композициясын түптөп, аны уюштуруунун, тутумдаштыруунун баалуу каражаты катары кызмат кыларлыгын айтууга болот. Демек, тексттин когнитивдик-менталдык өзөгүн *эмгек* түшүнүгү жана анын концептосферасы түзүп турат. Ал концепт автордук ой-тутумда көлөмдүү.

Ушундай эле жол менен Тоголок Молдонун «Устанын аялынын кошогу» чыгармасы да когнитивдик талдоого алынган.

## КОРУТУНДУ

«Эмгек» концептин менталдык-тилдик өңүттө изилдеп, төмөндөгүдөй натыжаларга ээ болдук:

1.«Эмгек» концепти реалдуу чындыктын белгилүү бир фрагменти жөнүндөгү элестөөлөрдүн жана түшүнүктөрдүн системасын чагылдырган менталдык-когнитивдик түзүм. «Эмгек» концепти «*Жан*», «*Жашоо*», «*Кудай*», «*Тагдыр*», «*Бала*» ж.б. концепттер менен катар кыргыз этносунун негизги концепттеринин катарына кирет. Эмгекке байланыштуу касиеттер, мүнөздөр, кубулуштар, процесстер бардык этностор үчүн бирдей, окшош. Ошондуктан «Эмгек» концептин универсалдык (жалпы адамзаттык) концепт катары баалоого болот.

2.Когнитивдик лингвистика психология, лингвистика, философия, маданият таануу ж.б. сыяктуу илимий тармактардын спектрин өзүнө камтып, адамдын дүйнө туюмун, аңдап-туюусун, эске тутуусун, акыл-эсин, ойлоосун ж.б. анын тили аркылуу изилдейт. Бул жаатта когнитивдик лингвистика лингвомаданият таануу менен тыгыз байланышат. Концепт анын негизги объекти жана өзөккү категориясы болот.

3.Концепт термини когнитивдик көз караште түшүнүккө караганда көп кырдуу, көлөмдүү менталдык бирдик катары колдонулат. Биздин эмгекте концепт аркылуу иреттүү структурага ээ, адамдын ойлоосунун базалык бирдиги болгон, когнитивдик ишкердиктин натыйжаларын жана улуттук-маданий өзгөчөлүктү өзүнө камтуучу, аларды чагылдыруучу, предметтер жана кубулуштар жөнүндөгү комплекстүү маалыматтарды коомдук аң-сезим аркылуу интерпретациялоочу менталдык түзүм белгиленет. Аны вербалдаштырылган түшүнүк катары да кабыл алса болот.

4.«Эмгек» концептинин жалпы денотаты өтө көлөмдүү. Анткени эмгек адам баласы аң-сезимге ээ болуп, эмгек куралдарын жасай баштаган байыркы доордон баштап бүгүнкү цивилизациялык доордо да өтө зарыл иш-аракет катары бааланат. Ал - адам баласынын жашоосунун кыймылдаткыч күчү. Адамдын «Эмгек» концептосферасынын ядросун *иш (ар кандай иш), күч эмгеги* ээлейт. Биздин респонденттердин эстутумунда ушул маани актуалдуу болуп чыкты. Ал эми «акыл эмгеги», «илимий эмгек», «ак, адал эмгек», «пайдалуу эмгек» ж.б. кийинки планда калып, концептосферанын периферриясына кошулуп калды.

5.«Эмгек» концепти татаал түшүнүктөрдүн, аталыштардын, идиомалардын, паремиялардын, ири тексттердин курамында кездешет же булардын объектиси катары кызмат кылат.

6.«Эмгек» концепти чагылдырган процесс аң-сезимдин, дене мүчөлөрүнүн калыптануусунун жана адам баласынын маданий-социалдык өнүгүүсүнүн пайдалануу элементи, адамзаттын тиричилигине эң керектүү субстанция болгондуктан ал катышкан номинативдик бирдиктер өтө эле көп жана алар өз ичинен майда тематикалык топчолорго бөлүнөт.

7.Эмгек ишкердиги когнитивдик-тилдик, философиялык социалдык, педагогикалык, медициналык, юридикалык, географиялык, адабий-көркөмдүк ж.б. касиеттерге ээ. Ошондуктан ал түрдүү тармактардын иликтөө объектиси боло алат.

8.Көркөм жана илимий-популярдуу эмгектерде «эмгек» түшүнүгү «мээнет», «иш», «кызмат», «жумуш» түшүнүктөрүнө караганда жалпы денотативдик мааниге ээ болуп, жыш кайталанып турат. Муну *эмгек* сөзүндө өтө жогорку деңгээлдеги абстрактуулук орун алгандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Мына ушул себептүү аны «Эмгек» концептинин ачкыч-сөз репрезентаты катары кабыл алууга болот.

9.«Эмгек» концептинин деривациялык талаасынын негизги ядролук дериваттары катары *иш, иштөө, эмгек, эмгектенүү, мээнет, мээнеттенүү, кызмат, жумуш* лексемаларын, ал эми перифериялык дериваттары катары булардан куралган лексикалык бирдиктерди саноого болот. Аталган концепттин деривациялык талаасын изилдөөдөн алынган материалдар кыргыз тилинин сөз түзүүчү сөздүгүн түзүүгө даяр материал катары пайдаланыла алат.

10.«Эмгек» концептинин полисемиялык ядролук синонимдеринин: *мээнет* (2 мааниси бар), *иш* (3 мааниси бар)*, жумуш* (3 мааниси бар)*, кызмат* (3 мааниси бар) айрым маанилери эмгек процессине таптакыр тиешеси жок. Эмгек лексемасынын биз тараптан сунушталган синонимдери жана антонимдери кыргыз тилинин синонимдер жана антонимдер сөздүгүн түзүүдө колдонула алат.

11.Эркин ассоциативдик эксперименттин жыйынтыгынын негизинде тил өкүлдөрүнүн аң-сезиминдеги, дүйнө туюмундагы жана вербалдык эс тутумундагы «Эмгек» концептинин чагылуу өзгөчөлүктөрү ачыкталып көрсөтүлөт жана мунун натыйжасында да концепттин ядролук жана перифериялык зоналары аныкталат.

12.«Эмгек» концепти макал-лакаптарда этностук когнитемаларды жаратууга активдүү катышат. Кыргыздын ой-тутумунда көптөгөн когнитемалар орун алган. Белгиленген когнитемалардын ичинде бирин-бири танган байкоолор, пикирлер, антонимдик жуп когнитемалар учурайт: Жумушту аткарууда, иш кылганда шашпоо керек - Ар кандай жумушту кийинкиге калтырбай өз убагында дароо бүтүрүү керек ж.б. Паремияларда «Эмгек» концептинин имплициттик, эксплициттик маанилери орун алган.

13.«Эмгек» концептин объективдештирүүчү макал-лакаптарды когнитивдик жактан анализдөө алардагы когнитемаларды төмөнкү төрт негизги топко ажыратууга боло тургандыгын көрсөттү: 1.*Эмгектин адам баласынын жашоосундагы натыйжалары.* 2.*Эмгектин адамдын жашоосундагы орду.* 3.*Эмгектин процесс катары мүнөздөмөсү.* 4.*Адамдардын жүрүм-турумунун типтеринин эмгекке карата бөлүштүрүлүшү.*

14.«Эмгек» концептинин лексикографиялык булактардагы мүнөздөмөлөрүнүн семантикалык талаасын үч алкакта берүүгө болот. Анын ядросун «акыл-эстин, күч-кубаттын максаттуу иш-аракети» мааниси, жакынкы периферясын «бир нерсеге жетүүгө багытталган аракет», «кимдир бирөөнүн ишкердигинин натыйжалары», «жазылган, иштелген же басылган

чыгарма», алыскы перифериясын коннотативдик оң-терс маанилер пайда кылат.

15.«Эмгек» концептинде денотативдик жана коннотативдик катмарлар бар. Денотативдик маани түздөн-түз эмгекти, анын түрлөрүн чагылдырат (*максаттуу күч-аракет, акылдын, дене мүчөлөрүнүн эмгеги*). Коннотативдик маани оң, терс баалоо, эмоциялык-экспрессивдик боек берүү учурда жаралат (*көздүн майы, машакат, чарчатуучу нерсе* ж.б.).

16.«Эмгек» концепти фреймдик, схемалык, когнитемалык ж.б. сапаттарга, ядро жана периферия алкактарга ээ болот. Ырлардын когнитемалык түзүлүштөрү ар түрдүү.

17.«Эмгек» концептинин тилдик репрезентациясы ар түрдүү этномаданий, лингвомаданий маалыматтардын кампасын өзүнө камтыйт. Бул маалыматтар жаңы этникалык маалыматтарды алуу үчүн колдонула алат.

Биздин бул изилдөөбүз каралып жаткан маселенин жалпы мазмунун, бүткүл тарабын бүтүндөй, толук ачып берди деп айтууга болбойт. Алынган натыйжалар «Эмгек» концептинин кыргыз лингвомаданиятында мындан аркы изилденүүсүнө жол ачат. Изилденүүчү материалдын корпусунун дагы да кеңейүүсү, тандалган объектке тиешелүү башка лингвомаданий концепттерди андан ары изилдөө иштери изилдөөбүздүн перспективасын түзөт.

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**


1. Тентимишова, А.К. Политический и идеологический слой концепта «Труд» в эпоху социализма [Текст] / А.К.Тентимишова // Актуальные проблемы современной науки в 21 веке: сборник материалов X Международной научно-практической конференции. – Махачкала, 2016. – С.125-128.
2. Тентимишова, А.К. «Эмгек» концептинин мазмуну [Текст] / А.К.Тентимишова, К.З.Зулпукаров // Наука и новые технологии Кыргызстана. – 2016. – №4. – С.196-199.
3. Тентимишова, А.К. Концептосфера, менталитет жана дүйнөнүн когнитивдик сүрөтү [Текст] / А.К.Тентимишова // Известия вузов Кыргызстана. – 2016. – №4. – С. 161-163.
4. Тентимишова, А.К. Картина мира и языковая картина мира [Текст] / А.К.Тентимишова // Научные исследования: от теории к практике: сборник материалов VIII Международной научно-практической конференции. – Чебоксары, 2016. – №2-2(8). – С.48-53.
5. Тентимишова, А.К. «Эмгек» фрейминин концептуалдык мазмуну [Текст] / А.К.Тентимишова // Известия вузов Кыргызстана. – 2016. – №4 – С. 170-172.
6. Тентимишова, А.К. «Эмгек» концепти идиомаларда [Текст] / А.К.Тентимишова, Р.Абакулов // Наука. Образование. Техника – 2016. – №3 – С. 77-81.
7. Тентимишова, А.К. «Эмгек» концептинин этимологиялык катмары [Электронный ресурс] / А.К.Тентимишова // Электронный журнал ВАК КР «Научные исследования в Кыргызской Республике». – 2016. – Т. 2. – URL: http://vak.kg/jurnalVAK/.
8. Тентимишова, А.К. Концепт и концептосфера в исследованиях ученых-лингвистов [Электронный ресурс] / А.К.Тентимишова // Научно-методический электронный журнал «Концепт». – 2016. – Т. 17. – URL: http://e-koncept.ru/2016/46223.htm.

**Тентимишова Акмарал Камчыбековнанын**
10.02.19 – тилдин теориясы адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
**«“Эмгек” концептинин менталдык-тилдик мазмуну»** аттуу темадагы диссертациялык эмгегинин

# РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** когнитивдик лингвистика, когнитивдик-тилдик мазмун, концепт, концептосфера, «Эмгек» концепти, когнитема, фрейм, сценарий, дүйнө сүрөтү, дүйнөнүн тилдик сүрөтү, менталитет.

**Иштин максаты** болуп кыргыз тилиндеги «Эмгек» концептин вербалдаштыруучу жана аны репрезентациялоочу лексикалык, деривациялык жана провербиалдык бирдиктерди когнитивдик мазмундагы лингвомаданият таануу алкагында комплекстүү изилдөө эсептелет.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп кыргыз тилиндеги «Эмгек» концептине тиешелүү тилдик, провербиалдык бирдиктер саналат.

**Изилдөөнүн предмети** катары дүйнөнүн тилдеги «Эмгек» концептине таандык, аны репрезентациялоочу когнитивдик, тилдик каражаттар тандалып алынды.

**Эмгектин негизги илимий натыйжалары:**

1) «Эмгек» концептинин маңызы илимий жана кадимки (көнүмүш), илимий жана поэтикалык, кадимки жана эмоциялуу, баштапкы жана туунду, нейтралдуу жана баалоо, оң жана терс, жалпы жана жеке жана башка дихотомиялардын алкагында лингвоконцептуалдык категориялардын, методдордун жана принциптердин негизинде аныкталды;

2) алгачкы жолу бир иштин алкагында эмгек жөнүндөгү, эмгек идеясын имплициттик түрдө (көмүскөлүү) камтыган кыргыз тилинин лексикалык бирдиктери, макал-лакаптары, учкул сөздөрү, фразеологизмдери топтолуп, системалаштырылып, анализденип чыкты;

3) иш «Эмгек» концептин репрезентациялоочу тилдик каражаттарды лингвистикалык комплекстүү анализдөөнүн алгачкы кадамын өзүнө камтыды;

4) «Эмгек» концептиндеги мазмун түшүнүк, фрейм, пропозиция, когнитема, сценарий, схема, символ ж.б. когнитивдик категориялардын жардамы менен жиктелип сыпатталды;

5) «Эмгек» концепти биринчи жолу дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнүн фрагменти катары изилденип, анын кыргыз элинин улуттук тилинде объективдешүүсүнүн спецификасы ачыкталды;

6) «Эмгек» концептинин когнитивдик мазмунуна тиешелүү микроталааларды түзүү «Эмгек» концептинин талаа моделин жана *эмгек* сөзүнүн семантикалык талаасын түзүүнүн алгачкы иш-аракети болду.

Изилдөө процессинде сыпаттоо, байкоо, талдоо, эксперимент, топтоштуруу, моделдештирүү (когнитемалардын негизинде), саноо, тилдик талааны анализдөө ж.б. **методдор** пайдаланылды.

**Ишти колдонуу чөйрөсү - окуу процесси:** «Когнитивдик лингвистика», «Лексикология», «Тексттин теориясы» сабактары; **илим изилдөө**: «Лингвомаданият таануу», «Лексикалык семантика», «Психолингвистика», «Социология» тармактары.

# РЕЗЮМЕ

диссертации **Тентимишовой Акмарал Камчыбековны**
на тему **«Ментально-языковое содержание концепта "Эмгек"»**
на соискание ученой степени кандидата филологических наук
по специальности 10.02.19 – теория языка

**Ключевые слова:** когнитивная лингвистика, когнитивно-языковое содержание, концепт, концептосфера, концепт «Эмгек», когнитема, фрейм, сценарий, картина мира, языковая картина мира, менталитет.

**Целью исследования** является комплексное исследование лексических, деривационных и провербиальных единиц, вербализующих и репрезентирующих концепт «Эмгек» кыргызского языка в рамках лингвокультуроведения когнитивного содержания.

**Объектом исследования** являются языковые и провербиальные единицы в кыргызском языке, принадлежащие к концепту «Эмгек».

**Предметом исследования** выбраны когнитивные, языковые средства, репрезентирующие концепта «Эмгек».

**Основные научные результаты** исследования:

1) определена сущность концепта «Эмгек» путем использования лингвоконцептуалогических категорий, методов и принципов в рамках научных и обычных, научных и поэтических, нейтральных и эмоциональных, первичных и производных, нейтральных и оценочных, положительных и отрицательных, общих и частных и других дихотомий;

2) впервые в рамках лингвокогнитивного направления систематизированы и проанализированы единицы кыргызского языка, явно или скрыто объективирующие содержание концепта «Эмгек» (лексемы, фразеологизмы, крылатые слова, пословицы и поговорки);

3) проведен комплексный лингвистический анализ языковых средств, репрезентирующих изучаемый концепт;

4) раскрыто содержание концепта «Эмгек» с помощью символов, схем, сценариев, когнитем, пропозиций и др. когнитивных категорий;

5) впервые концепт «Эмгек» представлен как фрагмент кыргызской концептуальной картины мира, определена специфика его объективации средствами кыргызского языка;

6) составлены микрополя полевой модели концепта «Эмгек», относящиеся к когнитивному содержанию указанного концепта и микрополя семантического поля соответствующего слова.

В процессе исследования были использованы следующие **методы:** описание, наблюдение, анализ, эксперимент, обобщение, моделирование (на основе когнитем), подсчет, анализ языкового поля и др.

**Область применения данной работы –** учебный процесс, дисциплины: «Когнитивная лингвистика», «Лексикология», «Теория текста»; научно-исследовательская: «Лингвокультурология», «Лексическая семантика», «Психолингвистика», «Социология».

**Resume**

of dissertation of **Tentimisheva Akmaral Kamchibekovna** on the topic

**“Mental and linguistic content of the concept “ Labor ” ”**

for the academic degree of a candidate of philological science

on the specialty 10.02.19 – theory of language.

**Key words:** cognitive linguistics, cognitive and language content, concept , Conceptosphere, concept “ Labor” , Claw, frame, scenery , picture of the world, linguistic picture of the world, mentality.

**The purpose of the study** is a comprehensive study of the cognitive content, derivational and verbal units of the concept "labor" in the Kyrgyz language in the framework of linguoculturology.

**The object of the work** is linguistic and verbal units in Kygyz on the basis of the concept “ labor ”.

**The subject of the study** was chosen cognitive, language units representing the concept “ labor ” .

**Main scientific research results** are ;

1) the essence of the concept " labor " is defined on the basis of cognitive categories, methods and principles;

2) the content of the concept " labor " is defined within the framework of scientific - ordinary, scientific - poetic, ordinary - emotional, primary - secondary, neutral - evaluative, positive - negative, general – individual and other dichotomy;

2) for the first time in one work, lexical units, proverbs and sayings, expressions, phraseological units of the Kyrgyz language containing the ideas of labor in an implicit form were collected, systematized and analyzed;

3) The first steps of a comprehensive linguistic analysis of the language units representing the concept of " labor" was analyzed;

4) the content of the concept of "labor " is described and conceptualized with the help of concept, frame, proportion, cognomen, script, schema, symbol, and other cognitive categories;

5) for the first time the concept "labor " has been studied as a fragment of the conceptual picture of the world, revealed the value of its objectivity in the national language of the Kyrgyz people;

6) for the first time attempt was made to compile a field model of the concept of "labor " and the semantic feature of the word “labor” ;

During the research, **the following methods were investigated**: description, observation, analysis, experiment, generalization, modeling, calculation, analysis of the language units and others.

**The field of application of the given work** is the educational process, in the disciplines: "Cognitive linguistics", "Lexicology", "Text theory"; In the science and research: " “Linguoculturology ", "Lexical semantics", "Psycholinguistics", "Sociology".